## Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлиги

## Ош мамлекеттик университети

“Макулдашылды

ФЮКтун профсоюз

уюмунун төрайымы

_______ Ч.Муратова

“Бекитемин”

ФЮКтүн директору

п.и.к., доцент,

_______ Т. Акматова

Ош мамлекеттик университетинин, Финансы-юридикалык колледжине кайрылган кызыктар тараптардын (Окутуучулардын, кызматкерлердин,студенттердин, иш-берүүчүлөрдүн, ата-энелердин, коомчулуктун) кайрылууларын кароо боюнча

# ЖОБО

Ош шаары 2017-жыл

## Кызыктар тараптардын кайрылууларын кароо жөнүндө

## ЖОБО

Бул жобо Ош мамлекеттик университетинин Финансы-юридикалык кооледжине кайрылган кызыктар тараптардын (окутуучулардын, кызматкерлердин, студенттердин, ата-энелердин, иш-берүүчүлөрдүн, коомчулуктун, *мындан ары кызыктар тараптар*) укуктарын ишке ашыруусуна байланышкан мамилелерди, ошондой эле тараптардын кайрылууларын дирекцияда карооонун тартибин укуктук жактан жөнгө салууга багытталган.

### I. Бул жободо пайдалануучу негизги терминдер.

1. **Жарандардын кайрылуусу**-жазуу жүзүндө же оозеки түрдө баяндалган сунуш, арыз, даттануу.
2. **Сунуш-** ФЮКтун окуу процессин жакшыртуу, тарбиялык иштерди оптималдаштыруу, коомдук-маданий иштерди жакшыртуу жана башка чөйрөлөрдүн маселелерин чечүү боюнча тараптардын сунуштарын камтыган кайрылуу.
3. **Даттануу**-тараптардын бузулган укуктарын жана эркиндиктерин же мыйзамдуу кызыкчылыктарын же болбосо башка адамдардын укуктарын, эркиндиктерин же мыйзамдуу кызыкчылыктарын калыбына келтирүү жөнүндөгү өтүнүчүн камтыган кайрылуу.

### II Тараптардын кайрылуулары менен иштөөнүн негизги принциптери

Колледждин дирекциясынын тараптардын кайрылууларын кароо боюнча иштеринин негизги принциптери төмөнкүлөр болуп саналат.

1. Жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо;
2. Мыйзамдуулук, демократиялуулук, жеткиликтүүлүк;
3. Кайрылууларды кароонун милдеттүүлүгү;
4. Кайрылуулардын өз убагында каралышы, калыстыгы жана толуктугу;
5. Кайрылууларды караган учурда жарандардын теңдиги;
6. Кайрылууларды кароонун контролго алынуусу жана отчеттуулугу.

## III Финансы-юридикалык колледжине кызыктар тараптардын кайрылууга болгон уктары

1. Кызыктар тараптар келип чыккан жагдайлар боюнча иерархиялык ирээтте ФЮКтун кафедра башчыларына, дирекцияга, ректоратка кайрылуу укугуна ээ;
2. Кызыктар тараптардын кайрылуу укугун чектөөгө эч кимдин укугу жок;
3. Кызыктар тараптар кайрылууга болгон укугун эркин жана ыктыярдуу ишке ашырышат.
4. Окутуучулар сабактарын, модулдарын, экзамендерин жүйөөлүү себептерде гана директордун атына арыз жазып, алмаштырып өтүүгө болот. Алмашып өтүүчү окутуучунун, кафедра башчысынын, методистердин, директордун макулдуктары менен ишке ашырылат жана өтүлбөй калган сабакты кайрадан өтүү методисттер тарабынан көзөмөлдөнөт;
5. Кызыктар тараптар ФЮКтун локалдык-ченемдик актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү, толуктоо боюнча сунуштарын берүү укугуна ээ;
6. Кызыктар тараптар берген арыздары боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралардын материалдары менен таанышууга жана аны көзөмөлдөөгө укуктуу;
7. Ар түрдүү маселелер боюнча келип чыккан талаш-тартыштардын негизинде жеке жана жамааттык арыз менен кайрылуу укугуна ээ;
8. Окутуучулар, кызматкерлер, студенттер ооруп калган учурда профсоюз уюмуна кайрылып, университеттин клиникасынын, профилакториясынын, эс алуучу жайларынын кызматтарын пайдалануу укугуна ээ;
9. Окутуучулар, кураторлор жүрүм-турум тарбиясы начар студенттер жөнүндө дирекцияга маалымат берет жана алар боюнча дирекция өкүлдөрү тиешелүү иш-чараларды кабыл алышат;
10. Студенттер оң бааны жогорулатуу үчүн экзаменди кайра тапшыруу өзгөчө гана учурларда колледждин директорунун негизделген (жүйөөлөштүрүлгөн) сунуштамасы боюнча ректордун уруксаты менен чечилет.(№1 бюлл) Анын негизинде атайын комиссия түзүлүп, экзамен кайра уюштурулат;
11. Жарандардын кайрылууларын кароо акысыз жүзөөгө ашырылат.

## IV Жазуу жүзүндөгү кайрылууга коюлган талаптар

1. Тараптар жазуу жүзүндөгү кайрылуусунда кимге кайрылгандыгын анын аты жөнүн жазып, сунушунун, арызынын же даттануусунун маани-маңызын баяндайт, өзүнүн колун коет жана күнүн көрсөтөт; (мындай мазмуундагы кайрылууларды колледжде уюштурулган "Даттануу кутучасына" салат же болбосо дирекциядагы "Сунуштар жана даттануулар" журналына жазат)
2. Тараптардын жазуу жүзүндөгү кайрылуусунда уятсыз же болбосо шылдыңдаган сөздөр менен жазылган, дирекциянын өкүлдөрүнүн өмүрүнө, ден-соолугуна жана мүлкүнө,үй-бүлөө мүчөлөрүнө зыян келтирүүнү камтыган каттар каралбайт;
3. Тараптардын кайрылуулары негиздүү болууга тийиш.
4. Кайрылуу катында тараптардын аты-жөнү, даректери көрсөтүлбөсө (ананимдүү болсо) каттын жообу кайтарылбайт, бирок кайрылуудагы маалыматтар боюнча иш-чаралар жүргүзүлөт;

## VI Дирекциянын тараптарды кабыл алуусу

1. Дирекция жумуш мезгилинде кабыл алуу графиктерине ылайык тараптарды үзгүлтүксүз кабыл алууга милдеттүү;
2. Кабыл алууда дирекция өкүлдөрү кайрылуучунун өздүгүн тастыктаган документти талап кылат;
3. Оозеки кайрылууда айтылган маселе кабыл алууда чечилбесе, анда кайрылуучу жазуу жүзүндө жазып бериши мүмкүн;
4. Эгерде кайрылууда аларды чечүү, кабыл алган дирекция өкүлүнүн компетенциясына кирбеген маселелер камтылса, тараптарга каякка жана кандай тартипте кайрылуу керектиги тууралуу түшүнүк берилет;
5. Тараптарды кабыл алуу тартиби алардын шартына жана алыскы региондон келгендигин эске алуу менен кабыл алынат.

## VII Кайрылууларды кароонун мөөнөттөрү

1. Даттануу кутучасына түшкөн кайрылууларды, сунуштарды ар жуманын дүйшөмбү күнү алып, колледждин административдик кеңешмесинде каралат жана тиешелүү чечимдер кабыл алынып протоколдоштурулат.
2. Дирекциянын өкүлдөрүнүн электрондук почталарына келген билдирүүлөрдү, оозеки айтылган кайрылууларды карап, үч күндүн ичинде жооптору берилет.

3. Тараптардын кайрылууларын канааттандыруу үчүн дирекция өкүлдөрү кайрылуучудан кошумча маалыматтарды талап кылышы мүмкүн.

## VIII Тараптардын кайрылуусуна байланыштуу алардын коопсуздугунун кепилдиктери

1. Тараптардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо максатында дирекциянын ишин сындап ж.б. кайрылганына карабастан куугунтуктоого тыю салынат;
2. Эгерде кызмат адамдары кайрылган тараптарды жана анын туугандарын куугунтукка ала турган болсо КРдин мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат;

Бул жобо төмөнкү документтердин негизинде түзүлдү:

1. Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө КРдин мыйзамы (2008-жылдын 26-февралындагы №16 мыйзамы);
2. ОшМУнун №1 бюллетени;
3. З. Бөжөновдун “Тарбия иштери боюнча нормативдик документтердин жыйнагы” 2011-ж.